**«Бекитилди»**

Таш-Көмүр шаардык Кеңешинин I
чакырылышынын 28.02.2025-жылдагы
кезексиз 7-сессиясынын № 3- токтому

**Таш-Көмүр шаардык депутаттар Кенешинин**
**2025-жылга иш планы.**

**I. Шаардык Кенештин сессияларында каралуучу маселелер:**

**I-к в а р т а л**

1. Таш-Көмүр шаарынын жергиликтүү бюджетинин 2025-жылга түзүлүшү жана 2026-2027-жылдарга болжолу тууралуу.
2. 2024-жыл ичинде шаардын социалдык-экономикалык жактан өнүгүү планынын, шаардык бюджеттин аткарылышы жана калкты социалдык жактан коргоо маселелери тууралуу шаардык мэриянын аткарган иштери жана 2024-жыл ичинде Таш-Көмүр шаардык депутаттар Кенеши тарабынан чыгарылган токтомдордун аткарылышы боюнча шаардык мэриянын отчету.
3. 2024-жыл ичинде салык жыйымдарынын аткарылышы жана жергиликтүү бюджетти толуктоодо шаардык салык башкармалыгынын жүргүзгөн иштери боюнча шаардык салык башкармалыгынын башчысынын маалыматы.
4. «Таш-Көмүр Тазалык» муниципалдык ишканасынын 2024-жыл ичинде аткарган иштери тууралуу «Таш-Көмүр Тазалык» муниципалдык ишканасынын директорунун отчету.
5. Муниципалдык Менчик Департаментинин 2024-жыл ичинде аткарган иштери жана 2024-жылда ММД аркылуу өткөрүлгөн тендерлер боюнча Муниципалдык Менчик Департаментинин директорунун отчету.
6. «Суу-Чарба» ишканасынын 2024-жыл ичинде аткарган иштери тууралуу “Суу-Чарба” ишканасынын директорунун отчету.
7. «Жылуулук менен камсыздоо» ишканасынын 2024-2025-жылда кышка карата аткарылган иштердин абалы тууралуу маалыматы.

**II-к в а р т а л**

1. 2026-жылга шаардын бюджетинин долбоорунун алгачкы божомолу жөнүндө.
2. Шаардын тазалыгы, көрктөндүрүү, жашылдандыруу маселелери боюнча шаардын аймагындагы мекеме ишканалардын жүргүзгөн иштери жөнүндө.
3. Жер ресурстары, кадастр,геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттигинин Таш-Көмүр шаардык филиалынын 2024-жыл ичинде жана 2025-жылдын 1-жарым жылында аткарган иштери тууралуу маалыматы.
4. Шаар курулушу жана архитектура боюнча башкармалыгынын 2024-жыл ичинде жана 2025-жылдын 1-жарым жылында аткарган иштери тууралуу маалыматы.
5. Шаардын аймагындагы мектептерде 2024-2025-окуу жыл ичинде окуучуларга билим тарбия берүүнүн абалы жөнүндө ШБББ маалыматы.
6. Шаардын аймагындагы мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин (бала бакча) 2024-жыл ичинде жана 2025-жылдын I кварталында аткарылган иштери боюнча ШБББ маалыматы.
7. 2024-жыл ичинде жана 2025-жылдын I кварталында шаардын аймагындагы ооруканалардын (Таш-Көмүр ЖДПБ, Кызыл-Жар РПО) аткарган иштери тууралуу маалыматы.

**III-к в а р т а л**

1. Шаардын социалдык экономикалык өнүгүү планынын, шаардык бюджеттин жана калкты социалдык жактан коргоо маселелеринин 2025-жылдын 1-жарым жылында аткарылышы боюнча шаардык мэриянын отчету.
2. «Таш-Көмүр Тазалык» муниципалдык ишканасынын 2025-жылдын 1-жарым жылында аткарган иштери тууралуу «Таш-Көмүр Тазалык» муниципалдык ишканасынын директорунун отчету.
3. Муниципалдык Менчик Департаментинин 2025-жылдын 1-жарым жылында аткарган иштери тууралуу Муниципалдык Менчик Департаментинин директорунун отчету.
4. Таш-Көмүр шаарындагы социалдык фонд ишканасынын 2024-жыл ичинде жана 2025-жылдын 1-жарым жылында аткарган иштери тууралуу маалыматы.
5. Таш-Көмр шаардык эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгынын 2024-жыл ичинде жана 2025-жылдын 1-жарым жылында аткарган иштери тууралуу маалыматы.

**IV-к в а р т а л**

1. Шаардын аймагында кышка карата аткарылган иштердин абалы жөнүндө.
2. «Жылуулук менен камсыздоо» ишканасынын 2024-2025-2026-жылда кышка карата аткарылган иштердин абалы тууралуу маалыматы.
3. Таш-Көмүр РЭТ ишканасынын 2025-2026-жылда кышка карата аткарылган иштердин абалы тууралуу маалыматы.
4. 2026-жылга шаарды социалдык экономикалык жактан өнүктүрүү жана калкты социалдык жактан коргоо боюнча шаардык мэриянын программасы жөнүндө.
5. 2026-жылга карата шаардык Кенештин иш планын бекитүү жөнүндө.

## I.Шаардык Кенештин аппаратынын Кенешмесинде каралуучу маселелер

1. Шаардык Кенеште кабыл алынган токтом, буйруктардын жана шаардын тургундарынан түшкөн арыз, каттардын аткарылышы.

   ***аткарылышы: ар дайым.***

2. Шаардык Кенештин алдындагы туруктуу комиссиялардын үзгүлтүксүз иштешин камсыз кылуу жана алардын аткарган иштерине анализ берүү.

   ***аткарылышы: квартал сайын.***

## II.Шаардык Кенештин уюштуруу массалык иштери.

1. Шаардык депутаттардын (депутаттык фракциялардын) шайлоочуулар менен отчеттук чогулуштарын уюштуруу. ***аткарылышы: жылына бир жолу***
2. Даталуу күндөрдү белгилөө жана өткөрүү.
3. Шаардык кенештин депутаттарынын ортосунда тажрыйба алмашуу иш чарасын уюштуруу.